**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**

**ТҮП РАЙОНУНУН**
**ТҮП АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА ТЮП**
**ТЮПСКОГО РАЙОНА**

---

**Түп айылдык кенешинин XXIX-чакырылышынын**
**№XVI-сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

2026-жылдын 2-марты **№6** Түп айылы

**Түп айыл аймагынын 2025-жылга бюджетинин атайын каражаттарынын 2026-жылдын 1- январына карата ашкан калдыгын бөлүштүрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" №123 Мыйзамынын 34-беренесинин 2.2.-пунктуна ылайык Түп айылдык Кенешинин XXIX-чакырылышынын 2026-жылдын 26-февралындагы XVI-сессиясы **токтом кылат:**

1. Түп айыл аймагы 2025-жылдын бюджетинин атайын каражаттарынын аткарылышынын жыйынтыгы менен 2026-жылдын 1-январына карата кирешелердин чыгаша бөлүгүнөн ашкан - 1179676 сом, анын ичинен:
- "Бакыт" бала бакчасы боюнча 809 809 сом;
- "Жеткинчек" бала бакчасы боюнча 369 867 сом, калдыгынын эсебинен башкы эсепчи Б.Бекдаированын билдирүүсүн угуп жана талкуулап "Бакыт" бала бакчасына - 809 809 сом жана "Жеткинчек" бала бакчасына - 369 867 сом бала бакчадагы балдардын тамак - ашына кошумча жумшалсын.

2. "Бакыт" жана "Жеткинчек" бала бакчаларынан ата-энелерден алынуучу төлөм 2024-жылдын 29-августундагы Түп айылдык кеңешинин №250-токтому менен бекитилген 1 бала үчүн - 1200 сом көлөмүндө өлчөм 2026-жылга күчүндө калтырылсын жана тамак - ашына жумшалсын.

3. Токтомдун аткарылышын Түп айыл өкмөтүнүн башчысы У.И.Бозгуновго, көзөмөл кылуу жагы айылдык кеңешинин бюджет, экономика, ишкердик, тышкы экономикалык байланыш, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

4. Бул токтомду маалымат-массалык каражаттарына жарыялап, Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинин каттоосунан өткөрүү жооптуу катчы Ж.Ишембаевага милдеттендирилсин.

**Төрага** **А.Б.Абдымамбетов**